**«Аргымак»**

Сөзү: Кубанычбеков Акбар

Обону: Абдраев Мирлан

Кулун кезде талпынып тай тору атка конгон аргымак

Кунанында шаң куруп

көңүлдөргө толгон аргымак

Жете келет маарага дене бою бүтүн жалтырап

Жорго салыш ат чабыш аламандын көркү аргымак

Дүбүртүн уксам добушун

Эстеймин ата конушун

Аргымак алга шамалдан тез сызганындан

Аргымак талба дүйнө кезип учканындан

Кыргыздын тоодой багы бар

Ат барда бүтпөс шаңы бар

Чарчабай чуркар жаныбар

Бул Аргымак Аргымак Аргымак

Канат болуп калкыма

Кан Манастан келген аргымак

Кан майданда азырда

Каршылашын женген аргымак

Шамал менен жарыша

Жигит кыйын минген шаң курак

Төлгө болуп кыргызга

Үмүт отун берген Аргымак

Көргөндө аны жүрөмүн ыйлап.

Дүбүртүн уксам добушун

Эстеймин ата конушун

Бектурсунов Ильяз Кылычбекович(Ильяз Андаш)